**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
И.Раззаков атындагы
КМТУнун Профсоюз
комитетинин төрагасы
_______ А.А. Абылаева
«___» ______ 20___-ж.

**БЕКИТЕМ**
И. Раззаков атындагы
КМТУнун ректору
_______ М.К. Чыныбаев
«___» ______ 20___-ж.

**КМТШИ адистиги боюнча кол менен иштөөдө**
**И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин**
**кызматкерлери жана билим алуучулары үчүн эмгекти коргоо боюнча**
**НУСКАМА**

**ЖУМУШ БАШТАЛАР АЛДЫНДА:**

1. Атайын кийим, алжапкыч кийип, чачты жоолукка катып коюу керек.
2. Жарык жумушчу бетине сол тараптан же алдынан түшүшү керек.

**КЕЗДЕМЕ, ЖИПТЕР ЖАНА ФУРНИТУРА МЕНЕН ИШТЕГЕНДЕ:**

1. Бардык кол өнөрчүлүк иштери жумуш аралыгында товардык таңгакта сакталууга тийиш.
2. Топтомдун бардык майда бөлүктөрү зиплок менен атайын пакеттерде сакталууга тийиш.
3. Иштеп жатканда жипти тиш менен үзүүгө же кол менен жулууга болбойт.
4. Тигүүдөгү жиптин узундугу чыканакка чейинки аралыктан ашпашы керек.
5. Биссер менен иштөөдө тайыз идиштерди (мисалы, тарелка) колдонуу керек.
6. Чаңдуу материалдар менен иштөөдө бет кап кийүү керек.

**ИЙНЕ, ТӨӨНӨГҮЧ ЖАНА ШИШ МЕНЕН ИШТЕГЕНДЕ:**

1. Ийнелерди жана төөнөгүчтөрдү белгилүү бир жерде (атайын кутуда, жаздыкта ж.б.) сактоо керек, аларды жумуш ордунда калтырбай, ийнени, төөнөгүчтү эч качан оозго салбаш керек жана кийимге саюуга бобойт. Ийнени жана төөнөгүчтү буюмда калтырууга болбоцт.
2. Тигүүдө манжа коргоочуну колдонуу зарыл
3. Иштегенде дат баскан ийнелерди жана төөнөгүчтөрдү колдонууга болбойт
4. Кездемеге үлгүлөрдү төөнөгүчтөрдүн учтуу учтары менен өзүнөн алыс багытта бекитүү керек.
5. Сынган ийнелердин же төөнөгүчтөрдүн сыныктарын чогултуп, кагазга ороп ыргытуу керек.
6. Иш баштаар алдында алынган төөнөгүчтөрдүн санын жана иш бүткөндөн кийинки төөнөгүчтөрдүн санын эсептөөдө ал дал келиши керек.
7. Шиштерди жана илмектерди капкакта сактап, жумуш бүткөндөн кийин алып салуу керек.
8. Шиштер менен иштөөдө аларды көздөн 35 сантиметрден жакын эмес аралыкта кармоо керек.

**КАЙЧЫ МЕНЕН ИШТЕГЕНДЕ**:

1. Кайчыны кутусунда сактоо.
2. Иштеп жатканда кайчынын мизин ачык калтырбоо.
3. Кайчыны учтуу бөлүгү өйдө каратып кармабоо, ошондой эле борбордук бекиткичи бош болгондо колдонбоо.
4. Иштеп жатканда кесүү багытын кылдаттык менен байкаоо. Басып баратып кесүүгө болбойт.
5. Иштеп жатканда материалды сол колу менен кармоо, манжалары мизден алыс болуу керек.

**ЭЛЕКТР ПРИБОРЛОРУ МЕНЕН ИШТЕГЕНДЕ:**

1. Электр приборлору менен иштөөдөн мурун шнурдун бузулбагандыгын текшерүү, эгерде кандайдыр бир бузулуулар болсо, аларды оңдоо
2. Электр приборду кургак кол менен сайгычтын корпусунан кармап күйгүзүү жана өчүрүү.
3. Электр приборду көзөмөлсүз күйгүзүп калтырбоо.
4. Үтүктү атайын ысыкка чыдамдуу жерге гана коюу.
5. Иштеп жатканда шнур үтүктүн таманына тийбесин.
6. Электр приборду тик абалда сактоо.
7. Кездеменин курамына ылайык келген үтүктөө режимин тандоо.
8. Үтүктөп жатканда үтүктүн ысык жерлерине колу менен тийбей жана үтүктөлүүчү кездемени суу менен ашыкча нымдабоо.